«БЕКИТЕМИН»
Инженердик факультетинин деканы
______________Бримкулов У.Н.
«02» 06 ____________2016 ж.

Химия инженерлиги бөлүмүнүн студенттеринин
**тааныштыруу жана өндүрүштүк практикаларга**
чыгуу убагындагы коопсуздук техникасынын эрежелери

Химия инженерлиги бөлүм башчысы
Доц., т.и.к. Боркоев Б.М.

Бишкек 2016

## 1. КООПСУЗДУКТУН ЖАЛПЫ ТАЛАПТАРЫ

***Тааныштыруу жана өндүрүштүк практикаларына чыгууга төмөндөгүлөргө уруксат берилет:***

- Конкреттүү иш-чарага катышууга медициналык каршы көрсөткүчтөрү болбогон студенттер;
- Коопсуздук техникасы боюнча инструктажды өткөндөр.

Тааныштыруу жана өндүрүштүк практикалары учурунда, студенттер берилген иш-чаранын атайын өзүн алып жүрүү эрежелерине, транспорт менен колдонуу эрежелерине жана иш-чаранын жооптуу жетекчисинин коопсуздук боюнча талаптарына толук түрдө баш ийүүсү милдеттүү.

***Тааныштыруу жана өндүрүштүк практикалары учурундагы коркунучтуу факторлор:***

- **физикалык** (экстремалдуу табигый кубулуштар; экстремалдуу рельеф; транспорт каражаттары; техногендик катастрофалар; ачык суу сактагычтар,; ыңгайсыз кийим жана бут кийим; туура эмес тандалган атайын кийимдер; кесүүчү жана сайуучу өсүмдүктөр; травма бере ала турган сойлоп жүрүүчүлөр, куштар, жаныбарлар);
- **химиялык** (чаң; абадагы жана суудагы зыяндуу жана кооптуу заттар; сактоо эрежелери корголбостон сакталган же сапаты начар азык-түлүктөр);
- **биологиялык** (абадагы жана суудагы зыяндуу микроорганизмдер; уулуу өсүмдүктөр, курт-кумурскалар, сойлоп-жүрүүчүлөр)
- **транспорттук**
- **психофизиологиялык** (көңүл буруу чыңалуусу; эмоционалдыкчыңалуу; паника).

Студенттер өрт коопсуздугу эрежелерин сактоолору заарыл.

Студенттер аптечканын каерде жайгашканын жана биринчи медициналык жардам көрсөтүүнү билүүлөрү керек.

Тааныштыруу жана өндүрүштүк практикалары учурунда, кандайдыр бир жабдык же курал бузулуп же иштебей калса дароо коштоп жүргөн жетекчиге билдирүүсү заарыл.

Ар бир кырсык жөнүндө кырсыкка кабылган же күбө болгон адам жетекчиге билдирүүсү керек.

Тааныштыруу жана өндүрүштүк практикалары бүткөндө  жетекчинин уруксаты менен үйлөрүнө таркап кетүүлөрү керек.

Бул инструкцияны бузгандар же аткарбагандар университеттин жаза берүү эрежелерине жараша жоопкерчиликке тартылат жана кийинки иш-чараларга катышуусу индивидуалдык түрдө каралат.

## 2. ТААНЫШТЫРУУ ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ПРАКТИКАЛАРДЫН БАШТАЛУУСУ АЛДЫНДАГЫ КООПСУЗДУК ТАЛАПТАРЫ

Ушул инструкцияны окуп үйрөнүү.

Керектүү даярдыкты, инструктажды, медосмотрду өтүү жана керектүү учурларда ден-соолугу тууралуу справка менен камсыз кылуу.

Ыңгайлуу, кыймыл-аракетти чектебеген, сезонго жана аба-ырайына ылайык келген кийим жана бут кийим алуу.

Туристтик курал-жабдыктарды алуу.

Керектүү учурларда ичүүгө суу, азык-түлүк жана аларды сактоого жабдыктарды алуу.

## 3. ТААНЫШТЫРУУ ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ПРАКТИКАЛАР УЧУРУНДАГЫ КООПСУЗДУК ТАЛАПТАРЫ

***Тааныштыруу жана өндүрүштүк практикаларга катышуучу студенттер төмөнкү эрежелерге баш ийүүсү милдеттүү:***

- ушул инструкцияны кармануу (аткаруу);
- атайын жабдыктардын, куралдардын эксплуатация эрежелерин сактоо;
- тааныштыруу жана өндүрүштүк практикалардын программасына, маршрутуна, өткөрүү

графигине жана бул иш-чаранын аткарылуу тартибине баш ийүү;

- өздүк гигиена эрежелерин сактоо;
- жетекчинин тактап койгон кийим формасын кармануу;
- конкреттүү жаратылыш жана аба-ырайына тиешелүү коопсуздук эрежелерин сактоо;
- жолдо жүрүү жана транспорт колдонуу эрежелерине баш ийүү;
- жергиликтүү традиция жана каада-салттарды сыйлоо (кармануу);
- жаратылышка, тарых жана маданият эстеликтерине, өздүк жана коомдук мүлккө аяр мамиле жасоо;
- от жагуу сөзсүз түрдө жетекчинин көзөмөлү алдында, уруксаты менен жана коопсуздук эрежелерин кармануу менен гана ишке ашыруу;
- тамак жасоо жана тамактануу гигиена талаптарына ылайык болуусу;
- жетекчинин бардык талаптарын жана көрсөтмөлөрүн толугу менен аткаруу.

***Төмөнкүлөргө тыюу салынат:***

- группаны таштап кетүүгө;
- саюуучу, кесүүчү, тиштөөчү, уулуу жана бейтааныш өсүмдүктөр, жаныбарларды, канаттууларды кол менен кармоого, жакындашууга;
- тааныбаган өсүмдүктөрдү, козу-карындарды, жемиштерди, балыктарды жана башка «табият белектерин» даам татууга;
- тазаланбаган суу булактарынан суу ичүүгө;
- жетекчинин уруксатысыз группадан көзгө көрүнбөй калган абалга же аралыкка четтөөгө;
- алкоголь ичимдиктерин ичүүгө;
- жетекчи уруксат бербеген бардык иш-аракеттерди жасоого тыюу салынат.

## 4. ӨНДҮРҮШ ИШКАНАЛАРЫ МЕНЕН ТААНЫШУУДАГЫ КООПСУЗДУК

Өндүрүш ишканалары менен таанышуу ал ишканалардын жетекчилигинин уруксаты менен болуусу заарыл.

Бул учурда коопсуздук эрежелери ар бир ишкана үчүн ар башка болуусуна байланыштуу, ошол ишкананын коопсуздук эрежелери боюнча инструктажын жакшылап кунт коюу менен угуу керек жана ошол таанышууга катышкан бардык студентдер (катышуучулар) ал эрежелерди толук түрдө аткарууга милдетүү.

## 5. ЭКСТРЕМАЛДЫК СИТУАЦИЯЛАРДАГЫ КООПСУЗДУК

Студенттер уулуу жаныбарлар, сойлоп жүрүүчүлөр, курт-кумурскалар, чымын-чиркейлер чаккан учурлардан, экстремалдык табигый кубулуштардан алыс болууга милдеттүү. Эгерде бул жагдайларга капыстан кабылса, дароо жетекчиге билдирүүлөрү заарыл, жана мүмкүнчүлүгү жетишинче жардам берүүсү талап кылынат.

Ден-соолугу начарлап же кандайдыр бир ооруга чалдыгуу белгилери көрүнсө (билинсе) дароо бул жөнүндө жетекчиге маалымдоо заарыл.

Жетекчи кандайдыр бир кокустукка же кырсыкка кабылган катышуучуга (катышуучуларга) жардам көрсөтүү же жакынкы ооруканага жеткирүү учурларында, жетекчиге керек болгон жардамды мүмкүнчүгүнө жараша көрсөтүү.

**Иштеп чыккан:**
Химия инженерлиги бөлүмүнүн доцентинин м.а. **Эмил Омурзак уулу**

**Химия инженерлиги бөлүм башчысы** **Доц., т.и.к. Боркоев Б.М.**